**Султаналиева Шайыркүл Карыпбековнанын** "Бакалавр системасында студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" аттуу 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине расмий оппоненттин

# ПИКИРИ

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз Республикасынын максаттуу өнүгүү багыттарынын бири – жогорку билим берүү системасынын мазмундук жана маңыздык өзгөрүүсү. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23-март, 2012-жылдагы № 201 "Билим берүү системасын өнүктүрүүнүн стратегиялык багыттары жөнүндөгү" Токтомунда 2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы бекитилген. Анда "*...билим берүү системасынын өнүмдүүлүгүнүн башкы критерийи катары алдыда турган чакырыктарга адекваттуу реакция кылууга жөндөмдүү жана өлкөнүн экономикалык, социомаданий жана саясий муктаждыктарына ылайык келүүчү компетенттүүлүккө ээ болгон бүтүрүүчү саналат*" деп көрсөтүлгөн.

Демек, билим берүү системасынын кыймылдаткыч күчү болгон башталгыч мектеп мугалиминин кесиптик жана инсандык касиеттерине жаңы, өзгөчө талаптар коюлууда. Мугалимдин кесиптик жана инсандык касиеттеринин калыптанышы анын рефлексиялоо жөндөмүнө түздөн-түз көз каранды болуп саналат. Ошентип, жогорку окуу жайлар атаандаштыктын өзгөчө шарттарында педагогикалык процессти жүргүзүүдө. Ушундан улам азыркы мезгилде жогорку окуу жайларда билим берүү тутумун мазмундук жана маңыздык өзгөртүү, аларда даярдалып жаткан студенттерди келечектеги жашоо ишмердүүлүгүндө түрдүү чакырыктарга, кыйынчылыктарга даяр болгудай, ар бир иш-аракетинин үстүнөн рефлексия жүргүзүп, талдоо жүргүзө алгыдай даражада өнүктүрүү жана тарбиялоо милдети коюлуп жатат.

Диссертант дал ушул фактыны абдан туура түшүнүп, башталгыч мектеп мугалиминин кесиптик жана инсандык сапаттарына өзгөчө бийик талаптар коюлуп жатканын белгилейт. Ал эми келечектеги башталгыч класс мугалиминин кесиптик жана инсандык сапаттарынын калыптанышы жана өнүгүшү анын рефлексиялоо жөндөмүнөн түздөн-түз көз каранды болот. Демек, каралып жаткан диссертациялык изилдөөнүн "Бакалавр системасында студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери" темасы актуалдуу болуп саналат.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгын** диссертант изилдөөнүн авторефератында туура белгилеп кеткен. Чындыгында рефлексия кубулушу болочок педагогдун маанилүү кесиптик сапаты экени азыр баарыбызга айкын, анын үстүнө изденүүчү рефлексиянын ар бир аспектисине тийиштүү ишмердүүлүктүн түрлөрүн аныктап чыккан жана илимий негиздеген, жогорку окуу жайдын окуу процессинде студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун моделин иштеп чыккан, анын педагогикалык шарттарын аныктаган. Мунун баары изилдөөдө илимий жаңылык бар экендигин айгинелеп турат.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделүү даражасы.** Диссертант өз изилдөөсүндө астыга коюлган илимий жоболорду ишеничтүү негиздеген жана төмөнкү жыйынтыктарды алган:

1. Болочоктогу башталгыч мектеп мугалимдеринин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана практикалык негиздери белгиленген.
2. Бакалавр-студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоонун педагогикалык негиздери жана анын компоненттерин камтыган модель түзүлгөн.
3. Студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн натыйжалуу калыптоодогу дидактикалык каражаттары жана "Кесиптик рефлексияны өнүктүрүү" аталыштагы автордук курсу даярдалган.

4. Болочоктогу мугалимдердин кесиптик рефлексиялоосун калыптоого багытталган педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары анализделген.

Диссертациялык изилдөөдө мугалимдик кесипти аркалай турган студенттер жогорку окуу жайында окуган жылдары өздөрүндө рефлексиялоо ишмердүүлүгүн бийик деңгээлде калыптандыруунун зарылчылыгы көрсөтүлгөн. Рефлексия кесиптик ишмердүүлүктө ар бир кыймыл-аракетине баам салып, оң-терс жагдайларды талдап, туура жыйынтыктарга келүүгө өбөлгө түзөт.

**Илимий жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациянын материалдарын жана илимий жыйынтыктарын келечекте башталгыч мектепте иштөөгө даярдалып жаткан студенттерди окутуу, тарбиялоо процессинде, ошондой эле башталгыч класс мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу курстарында колдонууга болот. Изилдөөчү Ш. К. Султаналиева тарабынан сунушталган студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүктөрүн калыптандыруунун процесстик модели менен программасы башталгыч мектеп мугалими болууга талаптанган студенттерди окутуунун инновациялык формаларын, усулдарын илимий негиздөөгө жана практикада колдонууга, алардын кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгын баалоону жана өзү баалоону жүзөгө ашырууга жол берет, бул өз кезегинде жогорку окуу жайда келечектеги башталгыч мектеп мугалимдерин окутуу процессин натыйжалуу, майнаптуу кылат.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар.** Автор өз илимий ишинин жыйынтыктарын жана натыйжаларын практикада колдонуу жаатында өзүнүн төмөнкүдөй сунуштарын берет:

Биринчиден, жогорку окуу жайларында салттуу формалар менен бирге эле жаңы формаларды, технологияларды киргизүү убакыттын талабы болуп саналат. Болочоктогу мугалимдердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоо менен компетенттүү адистерди даярдоо мектеп окуучуларынын билим сапатын жогорулатууга шарт болот;

Экинчиден, студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоого багытталган дидактикалык каражаттар мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында колдонууга сунушталат. Ал дидактикалык каражаттар мугалимдердин кесиптик жана инсандык касиеттерин өнүктүрүүгө шарт түзөт.

**Илимий изилдөөнүн жыйынтыгынын апробацияланышы жана талкууланыш деңгээли.** Изилдөөнүн жыйынтыктары 16 публикация аркылуу апробацияланган жана республикалык, эл аралык масштабдагы бир нече конференцияларда талкууланган. Баса көрсөтүүчү факт, "Педагогикалык рефлексиянын өзгөчөлүктөрү" аттуу илимий макаласы 2011- жылы жарык көргөн. Мунун өзү диссертант өз изилдөөсүн коргоого чейин эле анын негизги жоболорун илимий коомчулуктун сынына коюп, кеңири талкуудан, сынактан өткөрүүгө жетишкенин күбөлөндүрөт.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү жана мазмуну.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат. Жалпы көлөмү 165 бетти ичине алат. Иштин мазмуну диссертант астыга койгон милдеттерди толук чечүүгө багытталып, анын түзүлүшүнө табигый түрдө шайкеш келет.

**"Башталгыч мектеп мугалимин бакалавр системасында даярдоонун теориялык маселелери"** деп аталган биринчи главада педагогикалык адабияттарга талдоо жүргүзүүнүн аркылуу башталгыч мектеп мугалимин бакалавриат системасында даярдоонун негиздери аныкталган, теориялык жана практикалык тажрыйбаларды талдоонун негизинде студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык негиздеринин теориялык аспектилери каралып чыккан.

Ал эми, **"Студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери"** деген аталыштагы экинчи главада студенттердин рефлексиялоо ишмердүүлүгүн калыптоонун модели сунушталган жана ага керектүү дидактикалык каражаттар, тренингдерди өткөрүүнүн жолдору көрсөтүлгөн.

Диссертациялык изилдөөнүн **"Педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыгын илимий интерпретациялоо"** деген үчүнчү главада изилдөөнүн эксперименталдык жыйынтыктарына талдоо жасалган. Жыйынтыктай келсек, иштин мазмунунда диссертант астыга койгон максат-милдеттер толугу менен орундатылган.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Диссертациялык иштин автореферати изилдөөнүн мазмунуна толугу менен дал келет. Авторефератта изилдөөнүн максаты, милдеттери, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн жыйынтыктары, андан келип чыккан практикалык сунуштар толук камтылган.

**Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта учураган кемчиликтер.** Диссертациялык иште жана анын авторефераттында төмөнкү кемчиликтер жана жетишпегендиктер кездешет:

1. Диссертациялык изилдөөдө студенттердин рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптоо үчүн тренинг жүргүзүлгөн. Ошол эле учурда, изилдөөнүн авторефератында тренингдин мазмуну, анын жүрүшү жана жыйынтыктары боюнча маалымат берилбей калган.

2. Белгилүү болгондой, педагог рефлексиялоо менен өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүктүн жыйынтыгы боюнча анализди жүргүзөт. Ошондуктан, диссертациянын эксперименталдык бөлүгүнө студенттердин педагогикалык практика боюнча отчетторунун анализин талдоону кошуу менен жалпы жыйынтыктын далилдүүлүгүн жогорулатууга болмок.

3. Диссертациянын текстинде айрым стилистикалык жана орфографиялык каталар учурайт ж.б.

Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн кемчиликтер диссертациянын жалпы илимий, теориялык, практикалык баалуулугун төмөндөтпөйт.

**Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобосунун» критерийлерине туура келиши.** Ш.К. Султаналиева тарабынан аткарылып коргоого коюлуп жаткан **"Бакалавр системасында студенттердин**

**рефлексиялык ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздери”** темасындагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толугу менен жооп берет, ал эми изилдоонүн автору Султаналиева Шайыркүл Карыпбековна 13.00.08 – кесиптик билим берүүнүн теориясы жана методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга болот.

**Педагогика илимдеринин доктору,**

**профессор** **А.С. Раимкулова**

Педагогика илимдеринин доктору, профессор А.С. Раимкулованын койгон колун тастыктаймы.

КБ башчысы Мусаева